УДК 37.004(575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-4-9

**Абыкеева Ж.Э., Муктарбекова С.Ж.**
Экономика жана тейлөө колледжи
М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз Экономикалык Улуттук изилдөө университети
**Абыкеева Ж.Э., Муктарбекова С.Ж.**
Колледж экономики и сервиса
НИУ “Кыргызский экономический университет имени М. Рыскулбекова”
**Abykeeva Zh.E., Muktarbekova S.Zh.**
College of Economics and Service National Research University “Kyrgyz Economic University named after M. Ryskulbekov"

# БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ОКУТУУНУН МАКСАТЫ
# ЦЕЛЬ ИННОВАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ
# THE PURPOSE OF INNOVATIVE LEARNING IN THE EDUCATION SYSTEM

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада азыркы учурдагы окутуунун активдүүлүгүн камсыз кыла турган, студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана баалоого чоң өбөлгө түзө турган формалардын бири – инновация тууралуу маалымат берилген. Акыркы жылдарда иновациялык иш аракеттер жана инновациялык саясат өнүккөн мамлекеттердин гана эмес, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн дагы күн тартибинен орун алууда. Окутуунун жаңы технологиясы катары: программалык тестирлөө, модуль системасы интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы чагылдырылган.

**Аннотация:** В данной статье даны сведения об инновации, являющейся одной из форм, обеспечивающих активизацию современного обучения. Оно создает предпосылки формирования и оценивания компетентности студентов. В последние годы инновационная деятельность и инновационная политика стали включаться в повестку дня не только развитых, но и развивающихся стран мира. В качестве новых технологий обучения были отражены: тестирование программного обучения, модульная система, интерактивное обучение, стратегия программы развития критического мышления.

**Abstract:** This article provides information about innovation, which is one of the forms that provides the revitalization of modern education. It creates the prerequisites for the formation and assessment of students' competence. In recent years, innovation activities and innovation policy have begun to be included in the agenda of not only developed, but also developing countries of the world. As new learning technologies were reflected: software training testing, modular system, interactive learning, strategy of the program for the development of critical thinking.

**Негизги сөздөр:** билим берүүдөгү инновациялар; окутуунун технологиялары; инсанга багытталган окутуу; компетенттүүлүк; принциптер; баалоо; рефлексия; рефлексиялык башкаруу; портфелдин структурасы.

**Ключевые слова:** инновации в образовании; технологии обучения; личностно ориентированное обучение; компетентность; принципы; оценивание; рефлексия; рефлексивное управление; структура портфолио.

**Keywords:** innovations in education; learning technologies; personality oriented teaching; competence; principles; assessment; reflection; a reflexive management; portfolio structure.

Күн сайын жаңы билим жана көндүмдөр пайда болуп, дүйнө тездик менен технологиялык өнүгүүлөрдөн жапа чегип жаткан жаш доорго карай, биздин билим берүү тутумубуз инновациялык билим берүүнүн орду жана ролу жөнүндө суроолорду жаратууда.

Орто кесиптик билим берүүдө (ОКБ) билим берүү системасында инновациялык окутуунун максаты студенттерди эмгек рыногунун талаптарына ылайык келген заманбап билим жана көндүмдөр менен камсыз кылуу болуп саналат. Инновациялык окутуу окуучулардын чыгармачылыгын, өз алдынчалыгын, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

Окуу процессинде инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуу студенттердин материалды натыйжалуу өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт, алардын окууга болгон мотивациясын жогорулатат жана аларда маалымат менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт. Инновациялык окутуунун аркасында студенттер азыркы дүйнөнүн жана эмгек рыногунун тез өзгөрүп жаткан шарттарына даяр болушат.

Кесиптик орто билим берүү системасына окутуунун инновациялык методдорун киргизүүдө төмөнкүдөй көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн::

1. Мугалимдердин жана администрациянын каршылыгы, алар өзгөрүүлөргө жана жаңы ыкмаларга даяр эмес болушу мүмкүн.

2. Окутуунун инновациялык методдорун ишке ашыруу үчүн техникалык камсыздоо жана инфраструктура жетишсиз болушу.

Окутуунун инновациялык методдорун ишке ашырууда кайсы методикалар жана ыкмалар эң ийгиликтүү деп эсептелет?

Окутуунун инновациялык методдорун ишке ашырууда эң ийгиликтүү усулдар жана ыкмалар болуп:

1. Проблемага багытталган окутуу, анда студенттер реалдуу дүйнөдөгү көйгөйлөрдү жана кырдаалдарды чечүүгө активдүү катышышат.

2. Байланыш көндүмдөрүн, кызматташтыкты жана группаларда иштөө жөндөмүн өнүктүргөн кооперативдик окутуу.

3. Окуу процессин ар бир студенттин муктаждыктарына ылайыкташтырууга мүмкүндүк берген технология менен жекелештирилген окутуу.

Инновациялык окутуунун артыкчылыктары:

1. Жекелештирилген мамиле ар бир студенттин муктаждыктарын жана билим деңгээлин эске алууга мүмкүндүк берет.

2. Ар кандай окуу стилдерин жана маалыматты өздөштүрүү темптерин эске алат.

3. Жекелештирилген пикир аркылуу студенттердин мотивациясын жогорулатат.

4. Билим боштуктарын тезирээк толтурууга жана окуунун натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Инновациялык окутуунун кемчиликтери:

1. Ар бир студент үчүн атайын ыкмаларды жана материалдарды иштеп чыгуу талап кылынат, бул көп убакытты жана чыгымды талап кылат.

2. Процесстин жекелештирилишинен улам окуунун сапатын көзөмөлдөө жана окуучулардын прогрессин баалоо кыйыныраак.

3. Окуу пландарын жекелештирүүдөн улам жамааттык окутууну жана топтордо иштөөнү уюштурууда кыйынчылыктар болушу мүмкүн.

Барнаул шаарынан А.В.Петров XX кылымдын соңунда Россияда саясий, социалдык, экономикалык тармактарда гана кризис болбостон, билим берүү тармагында да олуттуу кризис болгондугун айтып келип, азыркы учурда мектептер жана ОКБда төмөнкүдөй технологияларды практикага активдүү киргизип жаткандыгын белгилейт:

Проблемалык окутуу. Анын маңызы, максаты үйрөнүп жаткандын алдына бара-бара жана атайын максат менен билимди активдүү өздөштүрүү үчүн таанып билүүчү милдеттерди коюп баруу; билим берүүнүн максатына жетишүү үчүн изденүүчү методдорду жана таанып билүүчү милдеттерди коюунун механизмдерин колдонуу;

Концентирленген окутуу. Анын маңызы, максаты – билим блокторун бириктирип окуу менен предметтерди терең өздөштүрүүгө аракет кылуу, мында максатка жетүүнүн башкы жолу – үйрөнүүчүнүн иш жөндөмдүүлүгүнүн динамикасын өстүрүүчү ыкмаларды колдонуунун механизмдерин пайдалануу;

Модулдук окутуу. Өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жекече ишмердигин өнүктүрүшү. Анын максатка жетүү механизми – окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамиле.

Өнүктүрүп – өстүрүүчү окутуу. Мунун маңызы – үйрөнүүчү адамдын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жана анын реализацияланышынан егизденип билим берүү. Максатка жетүү механизми – үйрөнүүчүнү ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүнө салып, максатка алып баруу.

Дифференцирлеп окутуу. Анын маңызы – үйрөнүүчүнү жалпыга милдеттүү стандарттан төмөн түшүп кетпеген ар түрдүү пландалган денгээлдеги программалык материалдарды окуп үйрөнүү. Максатка жетүү механизми – индивидуалдуу окутуу методдорун колдонуу.

Активдүү окутуу. Анын маңызы – келечектеги адистин ишмердүүлүгү үчүн предметтик жана социалдык мазмунду моделдештирүү. Максатка жетүү механизми – активдүү окутуунун методдору.

Оюнга негиздеп окутуу. Анын маңызы – билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу. Максатка жетүү механизми – үйрөнүүчү чыгармачылыки шмердүүлүккө тартуу үчүн оюн ыкмаларын колдонуу» [1].

Мына төмөнкү окутуулардын негизинде азыркы учурда, окуу процессинде студенттердин бул жөндөмдөрүн калыптандыруу үчүн оюн технологиялары, интерактивдүү методдор, проективдүү методдор, кейс технология өз эффективдүүлүктөрүн көрсөтүүдө. Дал ушул технологиялар проблемалык окутууну, проективдүү методдорду кеңири пайдаланууну шарттайт. Мына ушундай жөндөмдөр студенттерди турмуштук проблемаларды көрө билүүгө, аларды чече билүүгө, кээ бир учурда татаал турмуштук проблемалардан чыга билүүгө жол көрсөтөт [6].

Методика – бул окутуу процесси, метод – бул процессти ишке ашыруучу ыкма. Демек, мугалимди мугалим деген атка татыктуу кылган бул – анын өздүк билимин өнүктүрүүсү, ийгиликти жаратуу үчүн максатка умтулуусу, эмне үчүн окутуу керек, эмнени окутуу

керек,окутууда кандай жаныча методдорду колдонуу керек деген суроолордун үстүндө терең ойлонуусу [1].

Азыркы Бүткүл Дүйнөдө болуп жаткан кырдаалга (пандемияга) байланыштуу биздин Кыргызстанда да инновациянын бир түрү катары онлайн окутуулар жүргүзүлүп келди. Билим берүүнүн бардык тармактарында аралыктан окутуу процесси кандайдыр бир деңгээлде жүрүп жатты. Окутуунун бул түрү биз үчүн да, студенттер үчүн да оңой болгон жок. Ошого карабастан бардык окуу жайларында окуу процесси үзгүлтүккө учурабай онлайн сабак өтүлүп жаткандыгын белгилеп кеткибиз келди. Биздин орто кесиптик окуу жайында да кесиптештерибиз болгон күч аракетин жумшап, окуу процессин улантып, программадан артка калбай, окутуунун ар түрдүү жолдорун үйрөнүп жан дили менен билим беришүүдө. Ошондой эле тапшырмаларды кылдат текшерип өзгөчө деңгээлде аткарып жатышат. Ар бир студентке көңүл бөлүп изденгичтиги жана акыл топтому менен кыйынчылыкты жеңип жатышат. Ошондой эле алысты көрө билгичтиги менен келечек ээлерине билимдерин, билгендерин беришүүдө. Бүгүнкү кыйналып окуткан студенттер келечекте ишеничти актайт деген чоң үмүт бар.

Биз окутуп, тарбиялап жаткан студенттер бүгүнкү заман талабына шайкеш, көп кырдуу келечек ээлери болуп чыгышы керек. Студенттерди ушул талапка ылайык окутуп-тарбиялоо үчүн бизде бардык толук шарт бар.Ошондуктан студенттер чыгармачылык менен даярданууга жана усулдарды туура колдонууга үйрөнүшүп, жаңы усулдарды колдонуу ыктарына ээ болушуп жана өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүлөрү шарт. Биздин жамаат да замандын талабына ылайык студенттерге онлайн билим берүүнү да жөндөп кеттик. Дүйнө жүзүндө түзүлгөн жагдайга байланыштуу окутуунун салттуу ыкмасынан четтеп, аралыктан заманбап технологияларды – AVN, ZOOM, BigBlueButton, WhatsApp программаларды байма-бай кыска мөөнөттүн ичинде практикалык жактан өздөштүрүп, реалдуу ишке ашыра алдык [1].

Ошондой эле аралыктан окутуу процесси бизге көп нерселерди үйрөттү десем жаңылышпайм. Технологиялардын жардамы менен көптөгөн платформаларды колдонуп (асинхрондук) жана тиркемелердин (Googl meet, Zoom) жардамы менен түзмө-түз студенттер менен окуу процессин үзгүлтүккө учуратпай сабактарды (синхрондук) өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук жана тажрыйба топтой алдык.

Студенттер аралыктан окутууда заманбап жаңы программаларды өздөштүрүүдөн сырткары өздөрүүнүн таанып-билүү активдүүлүгүн арттыруу, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптан өстүрүү, образдарга карата жеке көз-караштарын калыптандырууга жетише алышты [2]. Бирок кыйынчылыктар да болбой койгон жок. Анткени студенттер жана окутуучулар үчүн күтүүсүз болгондуктан, аралыктан сабак берүү бир аз ыңгайсыздыкты жаратты. Окутуучулар үчүн изденүүлөр болду, ал эми студенттер жаңы технологияларды колдонуп көрүүгө жана ошондой эле өз билимдерин өркүндөттүүгө, аракет кылышты, бирок интернет жай болуп кээ бир программаларды колдонуу оор болгонун айтышты, бул көйгөйлөрдү чечүүгө өкмөт тарабынан жана билим берүү министрлиги тарабынан колдоолор көбүрөөк көрсөтүлүп жатты.

Демек азыркы учурда инновациалык багыттагы интерактивдүү методдорду колдонуу менен окутууда жаңы билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү студенттердин аң сезимине тасирдүү таанып билүүгө, өздөштүрүү процессиндеги башкаруу жана уюштуруунун ыкмаларын туура тандап алууда студенттердин, инсандык активдүүлүгү айрыкча чоң мааниге ээ. Мындай инновациялык багыттагы билим берүүдө айрым учурда эки

багытта деп белгилеп жүрөбүз. Биринчиси студенттерге инновациялык багытта ар түрдүү интерактивдүү методдорду колдонуу менен билим берүүгө тиешелүү шарт түзүп берүү: салттуу же атайын инжинердик жактан жабдылган окуу залдарында, кабинеттерде, Т-түрүндө, С-түрүндө, П-түрүндө же атайын топторго бөлүп группаларга, эки- экиден, же тренинг ж.б. формада жайгаштырып сабак өтүү. Экинчиси окутуу процессинде (интерактивдүү методдорду колдонуп сабак өтүүдө) өтүлүүчү темага көрсөтмөлүү жана таазирдүү мүнөздө, мазмунуна карата таанып билүүгө оптималдуу түшүнүктөрдү, жаңы интерактивдүү методдорду колдонуу менен акыл-ой- чабуулун жүгүртүү, талдоо жана жыйынтык чыгаруу технологияларын тандап алуу. Өтүлүүчү темага кандай формада жана мазмунда интерактивдүү методду колдонуу керектиги, ал үчүн кандай окуу каражаттарын тандоо мүмкүнчүлүгү, убакытты оптималдуу өлчөй билүү, пайдалануу жана аны объективдүү күнүмдүк чөйрөдөгү шарттарга карата уюштура алуу зарылдыгы талап кылынат. Инновациалык багыттагы окутуунун методдору – бул учурдагы модернизацияланган (заманбап талабына карата жаңыланган) интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттерди (окуучуларды) окутуу учурунда өнүккөн илимдин, жаңы техникалардын жана технологияларды колдонуу. Алардын жетишкен өсүп-өнүгүүсүнө байланыштуу жаңы коомдогу тарбияланып жаткан студенттердин, окуучулардын жана талапкерлердин жаңы маалыматтык технологияларына ылайык жаңылануу жолу менен «таанып билүү, түшүнө билүү, элестетүү, талдай билүү, ой жүгүртүү жана колдоно-калыптана билүү» концепциясынын негизинде иш жүргүзүү деп эсептейбиз. Башкача айтканда ачык, эркин жана бирдиктүү өз ара аракеттенүү менен окуу процессин уюштуруу деп билебиз [3].

Макаланын жыйынтыгында төмөнкү саптар менен аяктагыбыз келди “Билимдүүгө дүйнө жарык” бул саптарулуу ойчул Жусуп Баласагынга таандык! Бабабыз билим аркылуу дүйнөнү өзгөртсө боло тургандыгын эске салып келген, анын сыңарындай билим берүү системасында учурку коомдун социалдык-экономикалык жана маданияттык багытынын өзгөрүшүнө карата, ОКБда билим берүү системасында инновациялык окутуунун максаты ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүккө жана өзүн дайыма өркүндөтүүгө даяр квалификациялуу адистерди даярдоо болуп саналат [4].

### Колдонулган адабияттар


1. https://kutbilim.kg/ru/news/inner/sapattuu-bilim-ber-zholu-innovatsiya-ru/
2. https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/JAGU.TOROGELDIEVA%20G.S.,%20TALASBAEVA%20G.S.%202021-4-49.pdf
3. https://multiurok.ru/blog/innovatsiialyk-bagytta-okutuunun-pedagogikalyk-tekhnologiialary.html
4. https://multiurok.ru/index.php/blog/bilimduugo-duino-zharyk-1.html
5. https://www.vedomosti.ru/management/blogs/2020/04/05/827205-trudnie-uroki
6. Раимкулова А.С. Реализация аспектов цифрового образования как условие формирования профессиональных компетенций будущего педагога // Вестник КНУ, 2024, №1(17), с.46-50.